УДК 323.111
DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-465-471

**САТЫБАЛДИЕВА А.К.[1], КАЛИЕВ А.С.[2], АБДУРАСУЛОВА А.И.[3]**
Ж. Баласагын атындагы КУУ[1]
К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык институту [2,3]
**САТЫБАЛДИЕВА А.К., КАЛИЕВ А.С., АБДУРАСУЛОВА А.И.**
КНУ имени Ж. Баласагына,
Международный институт имени К.Ш. Токтомаматова
**SATYBALDIEVA A.K., KALIEV A. S., ABDURASULOVA A.I.**
KNU named after J. Balasagyn,
International Institute named after K.Sh.Toktomamatov

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮКТҮН КАЛЫПТАНУУСУНДА ЭТНОСТОР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН РОЛУ

## РОЛЬ МЕЖЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ В ФОРМИРОВАНИИ ГРАЖДАНСКОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

## THE ROLE OF INTER-ETHNIC RELATIONS IN THE FORMATION OF CIVIL IDENTITY IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада Кыргыз Республикасынын эгемендик доорундагы жарандык иденттүүлүгүнүн калыптануусундагы этностор аралык мамилелер, конфликтер, саясий процесстерге саясий анализ берилди. Постсоветтик мейкиндикте жаңыдан пайда болгон ар бир өлкө жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн түзгөн өзүнүн улуттук тилин, маданиятын, каада-салтын сактап калуу үчүн изденип, мамлекеттик жана жарандык коом деңгээлдеринде тиешелүү иш-пландарын иштеп чыгуу, жарандык иденттүүлүктүн калыптануу процесстерин саясий көз караштан изилдеген окумуштуулардын илимий изилдөөлөрү бар. Жарандык иденттүүлүк жарандар идентификациялаган топтордун кызыкчылыктары менен перспективаларын чагылдырган саясий аргументтердин айланасында куралат. Изилдөөнүн максаты туруктуу кыргыз мамлекетин курууга, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, абалын Кыргызстандагы негизги этностук топтордун мисалында илимий талдоо жана этностук айырмачылыктарын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо болуп саналат. Саясий иденттүүлүк тарыхына, расасына, этностук таандуулугуна, динине, гендердик өзгөчөлүгүнө, сексуалдык ориентациясына, маданиятына, артыкчылыктуу маалыматына, кесибине же хоббисине негизделген жарандык коомдук уюмдар аркылуу калыптанат. Ошентсе да кайсы бир топтун бардык мүчөлөрү сөзсүз түрдө бирдей саясий иденттүүлүккө ээ боло бербейт. Этностор жана конфессиялар аралык конфликтер жаңы мамлекеттерди кошуп дүйнөлүк аренада деструктивдүү тышкы күчтөрдүн бар экендигин билдирип келет. Тилекке каршы мындай күчтөр мамлекеттерди алсыратып, көптөгөн жарандардын өлүмү менен коштолуп башаламандыктар аймактарда туруксуздук жана согуш апаатын уюштурууларына түрткү болуп, мамлекеттик иденттүүлүктүн калыптануусуна терс таасирин тийгизип келет.

**Аннотация:** В данной статье представлен политический анализ межэтнических отношений, конфликтов и политических процессов в формировании гражданской идентичности Кыргызской Республики в период независимости. Каждая вновь возникающая страна на постсоветском пространстве стремится сохранить свой национальный язык, культуру и традиции, являющиеся основой гражданской идентичности, и разрабатывает соответствующие планы действий на уровне государства и гражданского общества. Гражданская идентичность строится на политических аргументах, отражающих интересы и перспективы групп, с которыми идентифицируют себя граждане. Цель исследования – на примере основных этносов Кыргызстана научно проанализировать значение и состояние гражданской идентичности, способствующей построению стабильного кыргызского государства и укреплению межэтнического согласия, а

также определить этнические различия и направления их будущих изменений. Политическая идентичность формируется через организации гражданского общества на основе истории, расы, этнической принадлежности, религии, гендерной идентичности, сексуальной ориентации, культуры, привилегий, профессии или хобби. Однако не все члены группы обязательно имеют одну и ту же политическую идентичность. Этнические и межконфессиональные конфликты свидетельствуют о присутствии на мировой арене деструктивных внешних сил, в том числе новых государств. К сожалению, такие силы ослабили государства, хаос, сопровождавшийся гибелью многих граждан, привел к организации нестабильности и военных катастроф в регионах, оказал негативное влияние на формирование государственной идентичности.

**Abstract:** This article provides a political analysis of inter-ethnic relations, conflicts, and political processes in the formation of the civic identity of the Kyrgyz Republic during the period of independence. Every newly emerging country in the post-Soviet space seeks to preserve its national language, culture, and traditions, which are the core of civic identity and develops relevant action plans at the state and civil society levels. There are scientific studies by scientists who study the processes of civic identity formation from a political point of view. Civic identity is built around political arguments that reflect the interests and perspectives of groups with which citizens identify. The purpose of the study is to scientifically analyze the meaning and state of civic identity, which contributes to the construction of a stable Kyrgyz state and strengthening of inter-ethnic harmony, on the example of the main ethnic groups in Kyrgyzstan, and to determine the ethnic differences and directions of their future changes. Political identity is formed through civil society organizations based on history, race, ethnicity, religion, gender identity, sexual orientation, culture, privilege, profession, or hobby. However, not all members of a group necessarily share the same political identity. Ethnic and inter-confessional conflicts indicate the presence of destructive external forces on the world stage, including new states. Unfortunately, such forces have weakened the states, the chaos accompanied by the death of many citizens has led to the organization of instability and war disasters in the regions and has had a negative impact on the formation of state identity.

**Негизги сөздөр:** этнос; этникалык топ; этностор аралык мамиле; иденттүүлүк; конфликт; мамлекет; жарандык коом; туруктуулук.

**Ключевые слова:** этнос; этническая группа; межнациональные отношения; личность; конфликт; состояние; гражданское общество; стабильность.

**Keywords**: ethnos; ethnic group; interethnic relations; identity; conflict; state; civil society; stability.

Акыркы учурларда миллиондогон инсандардын жер которуусу, ач калуусу менен майып же өлүмүнө себепчи болгон этностор же конфессиялар аралык чыккан куралдуу конфликтер, XX кылымдын аягы менен XXI кылымдын алгачкы жылдарында жер жүзүнүн жалпы трагедиясына айланды. Кыргыз Республикасы жана анын калыптануусу саясий-социалдык процесстер, чек ара көйгөйлөрү, этностор аралык мамилелердин калыптануусу, ааламдашуу мезгилиндеги дүйнөлүк саясаттагы саясий процесстердин өзгөрүүсү менен коштолуп келет. Тарыхта саясий өнүгүү менен өзгөрүүлөр өлкөдө жашаган бир канча этностук топтордун өкүлдөрү жашаган аймактагы аспектилер да бир катар этностор аралык мамилелердин саясий багыттан курчуп чек ара көйгөйлөрүн жаратып келүүсү менен коштолот. Илимий-техникалык прогресстер өнүккөн сайын социалдык саясий мобилдүүлүк, коммуникация жогорулап, интернет технология жарандардын тынч жашоо образын өзгөртүп, карама-каршы тенденцияны пайда кылуу менен өз алдынча аракеттенүүсүнө алып келди. Кыргыз Республикасынын аймагында 100 дөн ашык этностук топтордун өкүлдөрү жашайт [18].

Геосаясий алкакта жашаган кыргыз коомчулугу түркий калктар менен бирге коомдук-саясий багыттарын аныктап, этностор аралык мамилелерди, байланыштарды жакшыртып, позитивдүү чечимдерди кабыл алуу жолунда, өнүгүүнүн перспективдүү моделдерин колдонуп “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүгүн кабыл алып өнүктүрүп келет [3].

Эгемендикке ээ болууда, Кыргыз Республикасынын калыптануусу дал ошол түштүктө, чек арага жакынкы аймактарда болуп өткөн 1990-жылдагы этностор аралык кагылышуунун каргашалуу окуяларына тушташ болгон. Дал ушундай этностор аралык конфликтердин Кыргызстандын түштүгүндө кайталангандыгы да тарыхый реалдуу саясий көрүнүш. Андыктан эгемендик мезгилиндеги өлкөдө орун алган этностор аралык конфликтерди алдын алууда жана

жөнгө салууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, түркий калктардын колсолидациялоочу факторлору, мамлекеттин иденттүүлүгүнүн калыптануусундага ролун саясий изилдөө бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси десек болот.

Этностор аралык байланыштардын примордиалисттик, конструктивисттик анан инструменталисттик концепциялары изилдөөнүн парадигмаларын түзүү менен этностордун, улуттун (нациянын) түзүлүшүнө ар түрдүү көз караштар болгону менен этностук топтун алгачкы калыптануусу уруулук же топтук түзүлүштөн башталат [10, 239-б.]. Ошондой эле, туруксуздук менен конфликтердин башатында этностор жана улуттар аралык мамилелердин бузулуусу турат. Мындай маселеге диний көз караштын негизинде калыптанган куугунтуктоо аркылуу эң радикалдуу топтор менен агымдардын идеологиялык негизи болуп келет. Ушундай көрүнүштөр мамлекеттерди алсыратат жана талкалап, коомду жок кылууга багыт алып барууда деп белгилөөгө болот.

Муну менен катар XX к. аягы жана XXI к. башында Кыргыз Республикасы кыргыз коомунун өнүгүүсүнүн тарыхый жактан аныкталган формасы менен коомдун батыш тибине ылайык өнүгүшүнүн ортосунда тандоо алдында турган.

Ошонун кесепетинен бүгүнкү коомдогу моралдык жана этикалык көйгөйлөрдүн негизги себептери:

- мамлекеттеги социалдык-экономикалык кризистер жана көйгөйлөр;
- коомдо жаштарга азыраак жетишээрлик эмес көнүл бурулушу;
- батыш мамлекеттеринин маданиятын тикеден тике эле көчүрүү;
- интернет аркылуу тарап жаткан туура эмес тарбиялаган жаман жактары;
- элдин коомго, мамлекетке ишенбөөчүлүгү;
- кыргыз коомунда бардык жактан тектүү эместиги: этникалык, аймактык, диний жана социалдык таандыгы боюнча жана башкалар эсептелет [14, 52-57-бб.].

Окумуштуу С. Хантингтон өз изилдөөлөрүндө этностор туурасында жазганындай бул таң калыштуу көрүнүш эмес. Эксперттердин пикирлери боюнча, япондор географиялык өзгөчөлүгүнөн, тарыхы жана маданияты жагынан Азия тектүү же тиешелүү экендигин айтышат. Ошол эле учурда алар экономикалык гүлдөп-өнүгүүсү, демократия жана заманбап техникалык деңгээли менен байланышкан Батыш цивилизациясына тиешелүү экендигин белгилешет. Бирок, азыркы мезгилге чейин кайсы цивилизацияга жакыныраак экендигин чече алышпайт. Ирандыктарды изилдөөчүлөр көбүнчө “өздүгүн издеген эл” катары сүрөттөшөт. Ошол эле изилдөөдө Түштүк Африка, Кытай Тайваньда “улуттук өзгөчөлүк үчүн күрөш” менен алек болуп жатат деп эсептешет [6, 36-б.]. Акыркы жылдары этностор аралык конфликтерди камтыган аймактардын кеңейип келе жаткандыгы өкүндүрөт.

Ааламдашуу мезгилиндеги саясий процесстер жарандардын жашоо турмушундагы негизги баалуулуктары менен жашоосундагы максаттары, бүтүндөй жашоо образдарынын кескин трансформацияланышын жараткан. Мурдагы электр жарыгы жок же жетишсиз өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн айыл тургундары да күтүүсүздөн чоң шаарлардагыдай эле бүткүл дүйнөлүк Интернет желесине кошулуп бардык жерде кездешүүчү уюлдук телефондор аркылуу дүйнө жүзүндө болуп жаткан маалыматтар менен кабардар болуп калышты. Мындай коомдогу өнүгүү багыттарынын өзгөрүшү өз кезегинде, андагы “эски” жана “жаңы” түшүнүктөрүнүн карама-каршылыктарын күчөттү.

Негизги иштердин тизмеси жана Батыш Греция деген эскирген түшүнүктөрдүн айланасында курулган батыш маданиятынын курсу, Европа жана европалашкан Америка туура эмес, андан да жаманы, ал адамдарды али түшүнө элек жана таанылa элек жолдор менен психологиялык жана эмоционалдык жактан азапка салат [13, 151-б.] деп белгилеген. Демек ар бир мамлекетте жашаган жарандар өз жарандык иденттүүлүгүн түшүнүүсү, кабыл алуусу дүйнө таанымы менен жашоо турмушунда колдонушуна жараша экендигине токтолууга болот.

Жарандык иденттүүлүктү түшүнүү үчүн азыркы дүйнөдө чыныгы жарандардын иш-аракеттери талкууда үстөмдүк кылган жөнөкөй экономикалык моделдин же жарандык кызыкчылыктын чегинен тышкары инсандын мотивациясы жөнүндө да түшүнүгүбүздү кеңейтүүгө болот. Инсандардын акыл-эстүү жүрүм-турумга жөндөмдүү, алар барган сайын көбүрөөк байлыкка же ресурстарга ээ болуу менен өзүмчүлдүккө умтулуу шарттары белгилүү. Жарандык психология бул жөнөкөй экономикалык моделден бир канча татаал. Андыктан заманбап жарандык иденттүүлүк саясатын талдоодон мурун, инсандын мотивациясы менен жүрүм-турумун тереңирээк түшүнүү зарыл.

Кыргызстанда жашаган негизги этностордун “Кыргыз жараны” иденттүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары, өзгөрүү тенденциялары, себептери, натыйжалары, ошондой эле кыргызстандыктардын мекенге болгон патриоттуулугу, жалпы мамлекеттик мекенчилдикке болгон көз караштары изилденип келет. Жарандык иденттүүлүктүн пайда болуу жана өнүгүү багыттары кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн аныктаган компоненттер боюнча, тили, маданияты, мекенчилдик салттары боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлдү. Ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн көрсөткөн факторлор, алардын мамлекеттүүлүктү бекемдөө, калктын биримдигин камсыздоо жана Кыргызстандын туруктуу өнүгүү келечеги үчүн маанилүүлүгү менен керектүүлүгү изилдөөгө алынышы зарыл.

Ушундай изилдөөлөрдүн бирине мисал келтирсек, 2020-ж. Covid-19 пандемиясы учурунда изилдөөчүлөр тарабынан жарандар арасында социологиялык сурамжылоо жүргүзүлүп, анда төмөндөгүдөй суроолор берилген:

“Биринчик кезекте өзүнүздү ким деп эсептейсиз?” деген суроого “өз өлкөмдүн жаранымын” деген жоопту (229 адамдан 95% ) айтышкан.

Экинчи орунда “өз элимдин/улутумдун өкүлүмүн” деп жооп бергендер турат (124 адамдан 51,5% ).

Үчүнчу жана төртүнчү орунда “өз жашаган жеримдин өкүлүмүн” (71 адамдан 29,5%) же “өз динимдин өкүлүмүн” (64 адамдан 26,6%) деп жооп беришкен.

Социалдык психологиялык теорияларга ылайык, топко берилгендик, анын нормаларын жана баалуулуктарын кабыл алуусу негизинен калыптанып бүткөн группалык иденттүүлүккө таянат. Демек ушулардын ичинен этноцентризмге караганда жарандык иденттүүлүк эң туура конструкция болуп эсептелет [15, 137-144-бб.].

Жарандык иденттүүлүктү изилдөөдөгү ыкмалардын ар түрдүүлүгү иденттүүлүктүн реалдуу феноменинин да, концепциянын өзүнүн да татаалдыгы жана көп өлчөмдүүлүгү менен шартталган. Андыктан В.А. Ачкасов жана С. Бабаев иденттүүлүктүн батыштык концепциялары менталитеттин башка өзгөчөлүктөрүнө негизделгендиктен, аларды орус реалдуулугунун шарттарына толук адекваттуу колдонуу мүмкүн эмес [5, 41-42-бб.] деп белгилейт. Илимий билимдердин структурасында жарандык иденттүүлүк жөнүндөгү изилдөөлөр жеринде, ар бир аймактагы жарандардын саясий дүйнө таанымы менен философиясынын, саясат таануусунун, психологиясынын, социалдык чөйрө таанымынын контекстеринде өнүгүп келет жана ошондон көз каранды.

Ар кандай учурларда мамлекеттер арасында Россия же Кытай сыяктуу улуу держава болобу, же АКШ же Улуу Британиядагы шайлоочулар болобу – улут жөнүндө сөз болгондо, тышкы дүйнө тарабынан адекваттуу түрдө таанылбаган инсандыкка ээ деп эсептейбиз. Кайсыл мамлекетти атасак ошол мамлекетке таандык өз коомунун мүчөлөрү деп кабылдайбыз. Мындай окшоштуктар тигил же бул диний ишенимге, этникалык, сексуалдык ориентацияга же жынысына жараша, тигил же бул улутка же мамлекетке карата таандыктыгы ар түрдүү болушу мүмкүн жана кала берет.

Окумуштуу В.М. Суханов жарандык иденттүүлүктү топтун өзүн-өзү аңдоосу катары карайт. Изилдөөчү жарандык өзүн-өзү идентификациялоонун, адамдын аны башкалардан айырмалап турган сапаттарга ээ экендигин түшүнүүнүн продуктусу деп эсептейт. Бул контекстте “иденттүүлүк жарандар арасында социалдык интеграцияны жана өзүн-өзү таануу сезимин жаратуучу социалдык-маданий, улуттук жана цивилизациялык параметрлердин белгилүү бир туруктуулугу катары түшүнүүгө болот” [13, 21-б.] – деп аныктама берет. Иденттүүлүк үзгүлтүксүздүктү сактоого мүмкүндүк берет, бүтүндүктүн жана өнүгүүнүн булагы болуп чыгат, адамдардын жүрүм-турумун аныктайт.

Окумуштуу О.Ю. Малинованын пикирине ылайык: “Заманбап адабиятта жарандыктар контекстке көз каранды болуп чыккан дискурсивдүү конструкциялар катары каралат. Иденттүүлүктүн дискурсивдүү табиятын таануу дагы бир жыйынтыкка алып келет: биздин топтун иденттүүлүгү жөнүндөгү идеяларыбыз символикалык күрөштүн, классификациялоонун жана таңуулоонун ар кандай жолдорунун атаандаштыгынын, иденттүүлүк жөнүндө ар кандай баяндоолордун натыйжасы” [8, 14-б.] – экендигине токтолот.

Ал эми В.А. Ачкасованын пикири боюнча, топтун идентификациясы жамааттын социалдык-маданий мүнөздөмөлөрүнүн тутумунун бүтүндүгүн билдирет, ал коомдук-маданий ролдордо жана статустарда ишке ашкан жарандардын нормаларын, баалуулуктарын, идеалдарын,

артыкчылыктарын жана күтүүлөрүн, укуктарын жана милдеттерин, ошондой эле жамааттын бардык бул мүчөлөрү үчүн жалпы иш процессинде пайда болгон байланыштарды жана мамилелерди камтыйт [5, 42-б.]. Андыктан, жарандык иденттүүлүк фактору стимул менен социалдык-территориялык коомчулукту калыптандыруу үчүн негиз катары кызмат кылат, анткени азыркы шарттарда жарандык иденттүүлүгүн аймактык иденттүүлүк менен алмаштыруунун эффектиси бар.

Аймактык иденттүүлүктүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен Н.М. Межевич социалдык идентификация процесси катары иденттүүлүк, биринчиден, жамааттын өзү ички иденттүүлүк тарабынан түзүлүшү мүмкүн экенин көрсөтөт; экинчиден, эки “маалымат маданиятынын” же бир шилтеме менен бир көмөкчүнүн болушуна негизделген көмөкчү иденттүүлүк жөнүндө маселени көтөрүүгө болот; үчүнчүдөн, аймактык өзгөчөлүк сырттан келген жамаатка таандык кылынышы мүмкүн. Идентификациялоонун бардык варианттары бири-бири менен байланышкан жана динамикалык таасирге дуушар [7, 75-б.] – болоору белгиленет.

Иденттүүлүккө карата муктаждык ааламдашуу процессинин күч алышы менен коштолду. Бүгүнкү күндө “иденттүүлүк” түшүнүгү коомдогу тезинен өзгөрүлүп жаткан материалдык жана материалдык эмес баалуулуктардын алмашып, өзгөрүп, жекеликтен жалпылыкка өтүп, улуттуктан интернационалдык абалга өтүп жатканынан улам актуалдуулугу артып, илимий чөйрөдө кызыгууну туудурду.

“Иденттүүлүк” түшүнүгү латын тилинин «*Identity»* сөзүнөн алынып “бирдейлик”, “окшоштук” дегенди туюндурса, “идентешүү” термини латын тилинин «*identifico»* сөзүнөн алынып “окшошуу” деген маанини билдирет [17]. Иденттүүлүк түшүнүгүнө француз философу Поль Рикер төмөнкүдөй аныктама берет: “Бирдейлик же окшоштук сөзү өздүк түшүнүгү менен тыгыз байланышат. Бирдейлик же окшоштук түшүнүгүнүн карама-каршылыгы ар түрдүүлүктү билдирет. Иденттешүү процесси ар түрдүүлүктөн бөлүнүп, окшош процесстердин топтолушу менен түшүндүрүлөт. Ар түрдүүлүктүн ичинен бирдейликти ажыратуу аркылуу иденттүүлүк аныкталат” [16].

Иденттүүлүк концептин илим чөйрөсүндө алгач социалдык психологияда колдонулса, кийинчерээк мааниси кеңейип, көп кырдуу түшүнүк катары изилденип келет. Философия, антропология, социология ж.б. социалдык илимдерде кеңири изилденип, түрдүү аспектиден каралган. Ааламдашуу шартында негизги саясий көз караште кароо максатка ылайык.

2020-жылдын 13-ноябрында КР президентинин жарлыгы менен 2021-2026-жылдарга Кыргызстанда “Кыргыз жараны” деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы бекитилген[3]. Концепция мамлекеттин этникалык саясатын жөнгө салууга багытталган биринчи стратегиялык документ, анын негизги багыты – Кыргызстанда элдин биримдиги менен этностор аралык мамилелерди чыңдоо зарылдыгы мыйзам чегинде бекитилген. Концепцияда “Кыргыз жараны” түшүнүгүнө: “Кыргыз жараны” – бул этностук, диний, социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар “Кыргыз Республикасынын жараны” деп аныктама берилген.

Негизи этностор өз ара тилдик, каада-салттык, диндик, маданий, менталитеттик эле айырмачылыктары болбостон кылымдар бою чогуу жашап, окшош жашоо образдарын кечирип бирдей укук жана милдеттерге ээ экендиктери КРнын Конституциясында бекитилген. Андыктан, этностор аралык конфликтерди илимий чөйрөдө изилдөө мамлекеттик иденттүүлүктүн калыптануусунда этностор аралык байланыштарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө таянсак болот.

Ошондой эле, 1990-жылдагы Оштогу кандуу окуянын себептерин изилдөө максатында профессор А.Б. Элебаеванын жетекчилиги менен социологиялык изилдөө жүргүзүлүп, этностук чыңалуунун айрым себептери анализденген [12]. Ушундай эле баалуу материалдар улуттук коопсуздук кызматынын ошол кездеги кызматкери Талант Разаковдун эмгегинде да талкууланып анализ берилгени белгилүү. Этностор аралык мамилелер жетимиш жыл союздун курамында тоталитардык идеологиялык көз караште жашаган Кыргызстан калкынын саясий чөйрөсүнүн өзгөрүүсүнө бир топ кыйынчылыктарга, пикир келишпестиктерге туш келген.

Кыргызстанда саясий төңкөрүштөр бийликтин мыйзамсыз аракеттери менен коррупцияланган кырдаал жана шайлоо процесстери жакырданган элдин көтөрүлүштөрүнө түрткү болгон. 2011-жылдын 18-январында №8 “Кыргыз Республикасынын коргонуу кеңеши жөнүндө [1]” жана 2011-жылдын 29-ноябрындагы №225 “Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук жөнүндө [2]” кабыл алынган мыйзамдар бар. Жарандуулук жарандын улуттук өзгөчөлүгүн четке

какпайт жана ошол этностордун маданиятында, тилинде, салт-санаасында кайсы бир этноско, улутка, этникалык тайпага мүнөздүү улуттук спецификалык өзгөчөлүктөр жатат. ЖӨБО (жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары) этностор аралык конфликтердин алдын алууга, токтотууга, жөнгө салуу менен этностор аралык мамилелерди байланыштарды жакшыртууда ар дайым Эл аралык кабыл алынган укуктук нормаларга негизденет. Жергиликтүү жамаат өз жеринде көйгөйдү жана аны чечүү жолдорун да жакшы билүү менен кызматташууга кызыктар. Андыктан этностор аралык байланыштар менен мамилелерди бекемдөөгө бириктирүү аркылуу багыттоо аймактардын туруктуу өнүгүүсүнө алгылыктуу шарт түзөт.

Кыргыз Республикасында да этностор аралык мамилелер менен дүйнөлүк тенденцияны эске алып, саясатын өзгөртүүгө жетише алган жок. Этностор менен конфессиялар аралык мамилелердин бузулушу жана курчушу, дүйнөнүн көп мамлекеттери үчүн учурдагы башкы коркунучтардан болуп саналат. 2020-жылдын 5-октябрында акыйкатсыз өткөрүлгөн шайлоолорго каршы толкундоолор дал ушул маселелерге чекит койду. Саясий-социалдык чөйрөнүн дүйнө таанымы менен аң-сезиминин жогорулаганын белгилеп кетүүгө болот. Жыйынтыгында мамлекет жарандарынын активдүү көпчүлүк бөлүгү татыктуу “Лидер” үчүн, бирдиктүү иш аракеттерди кабыл алышкан.

2010-жылдын апрель-июнунда жалпы өлкөдө болуп өткөн окуяларды иликтөө, изилдөө менен саясий баа берүү үчүн түзүлгөн убактылуу депутаттык комиссиянын отчету угулуп, талкууланып, 2011-жылдын 16 – июнунда токтом [4] кабыл алган. Ошол токтомдо белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын Баш прокуратурасына үчүнчү пункт менен эски мамлекеттик бийлик жетекчилерине, төртүнчү пункт менен Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү, июнь окуяларын болтурбай коюуга чечим кабыл алышпагандыктары үчүн саясий жоопкерчилик тартышаары көрсөтүлгөндугун билебиз. Тилекке каршы, ошол кезде бийлик башында турган Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү баш прокуратура тарабынан эч кандай чара көрүлбөстөн токтом аткарылган эмес.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстанда бирдиктүү жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу же ага негизделген маселелер унутта калып келет. Өлкөдөгү башка этникалык топтордун жарандары Кыргызстандын бирдиктүү элине таандыкпыз деп эсептөөгө жетише алган жок. 2010-жылы Июнда түштүктө болгон трагедиялуу конфликтердин себептери, кесепеттерин изилдеп, сунуштарды иштеп чыгуу үчүн Улуттук комиссиянын отчету, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын, Эл аралык көз карандысыз комиссиянын отчету жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү берген комментарийлеринин материалдары, ата мекендик жана Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдарынын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары ар башка иликтенгени менен көп жагынан негизги мааниси бирдей экендиги белгилүү болгон. Өлкөдөгү этностор аралык кагылыштар, мамлекеттик бийликтин алсыз саясаты, пайдалангысы келген айрым сепаратистик күчтөр менен саясий шылуун жетекчилердин айынан жерибизде кылымдар бою канаатташ, тилектеш жашап келген эки чоң этникалык топтордун өкүлдөрүнүн ортосунда конфликт чыккан. Анын кесепетин карапайым калк тарткандыгына эки ирет күбө болдук. Андыктан биринчи кезекте этностор аралык ишенимди бекемдөө – башкы милдет. Ишеним болмоюнча туруктуу өнүгүүгө багыт алуу мүмкүн эмес. Мамлекеттик бийлик менен мамлекетти түзүүчү жалпы жарандардын пикир алышуусу, жарандык демилге менен өнөктөштүк мамилеге таянуулары – өлкө өнүгүшүнүн негизги багыты болуусу милдет.

**Колдонулган адабияттар**

1. Кыргыз Республикасынын коргонуу кеңеши жөнүндө, 2011-жылдын 18-январында №8.
2. Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук жөнүндөгү, 2011-жылдын 29-ноябрындагы №225.
3. Кыргыз Республикасында Кыргыз Жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концециясы 2021-2026-жылдары. – Бишкек, 2020.
4. КР Жогорку Кенешинин токтому, 2011-жыл, 16 июнь.
5. Ачкасов В.А., Бабаев С.А. Мобилизованный этнос: Этническое измерение современной российской политической культуры. – СПб.: Изд-во Петербургского философского общества, 2002, с. 41-42, 144.
6. Хантингтон С. Кто мы? Вызовы американской национальной идентичности / пер. с англ. А. Башкирова. – Москва: Изд-во АСТ, Транзит книга, 2004, с. 35-36.

7. Межевич Н.М. Основные направления региональной политики Российской Федерации в 2 частях. Часть 2 Механизмы региональной политики. – Москва: Федеральное агентство связи Петербургского государственного университета, 2008, с. 67, 75.

8. Малинова, О.Ю. Политические исследования и дискурс идентичности // Политология, 2005, № 3, с. 12-17.

9. Калиев А.С. Роль органов местного самоуправления и неправительственных организаций в урегулировании межэтнических конфликтов (этнополитический анализ). – Бишкек, 2023, с. 160.

10. Формирование полиэтничного и правового самосознания граждан Кыргызстана в переходный период. – Бишкек: Центр Новой Демократии и социальных изменений, 1999, с. 142.

11. Омуралиев Н.А. Межэтнические конфликты в Кыргызской Республике: социол. анализ. – Бишкек: Илим, 2012, с. 239.

12. Элебаева А.Б. Межэтническая ситуация в Кыргызстане: новые формы исследования. Ренессанс и регресс. – Бишкек, 1996, с. 39.

13. Суханов В.М. Региональная политическая идентичность в России: теоретический анализ, состояние и будущее исследований: автореф. дисс д-ра полит. н. – Саратов, 2009, с. 21, 40.

14. Базакеева К.Ж., Сатыбалдиева А.К., Нурматова Г.А. "Кыргыз жараны" концепциясын ишке ашырууда инсандын моралдык-этикалык маселелери. КР // Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу Академиясынын Кабарчысы, 2023, №33, с. 52-57.

15. Кошбакова Б.М. Социокультурная идентичность кыргызов в условиях глобализации // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2022, № 1(109), с. 137-144.

16. Рикер П. Повествовательная идентичность. – Режим доступа: http://royallib.com/book/riker_p/povestvovatelnaya_identichnost.html

17. English Oxford Living Dictionaries. – Режим доступа: http://www.oxforddictionaries.com/definition /english/identity; Хантингтон С. Кто мы? Вызовы американской национальной идентичности / пер. с англ. А. Башкирова. – Москва: Изд-во АСТ, Транзит книга, 2004, с.35-36.

18. Режим доступа: https://unstats.un.org/unsd/demographic/meetings/wshops/Kazakhstan/2012/docs/Kyrgyzstan.ppt